

1 млрд доллардан ашык келишим – кызматташуунун үзүрү

2-бетте

Чакырыктардан жаңы мүмкүнчүлүктөргө

4-бетте



Эрлан ӨМҮРАЛИЕВ: “Быйыл түшүм мол болот”

8-9-беттерде

№41 (3490)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Шейшемби, 2023-жылдын 23-майы

# ЭРКИН-ТОО

www.erkin-too.kg

## ПЕДАГОГ БАРКТАЛМАЙЫН, КООМ ТАЗАЛАНБАЙТ



Каныбек Иманалиев Билим берүү жана илим министрлигине келгени тармакта жылдап тоңгон муз жарылып, жылыштар байкалууда. Ушул жылдын сентябрь айынан тарта өлкөбүздүн билим берүү тармагына атан төөдөй эмгек сиңирип, Социалисттик эмгектин баатыры наамы баштаган бир катар мартабалуу сый-урагалдарды багынтышкан, чыныгы устаттыктын бийик үлгүсүн көрсөтүшкөн 100 педагог тууралуу атайын тасма тартуунун үстүндө иштеп жаткан чагы. Каныбек Капашович кантсе да чыгармачылык чыйырга ээ, тилинен да, колунан да келген жетекчи эмеспи, мугалимдерибизди мындан ары чыгармачылык менен ар тараптан колдой турганын бөркүнөрдөй эле көрсөөнөр болот.

## ПИЛОТТУК ДОЛБООР БОЮНЧА 500 ОРУН




Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Кудайберген Базарбаев, кесипке багыт берүү жана өзгөчө жаштарды кесипке үйрөтүү маселелерине чоң көңүл бурулуп жатканын айтып, үстүбүздөгү жылдын 4 айында эле ишке орноштуруу кызматтары тарабынан 2 миң адам кесиптик окууга жиберилгенин маалымдады.

Министр мырза Россиянын КамАЗ автоконцернине барып, заводдун директорунун орун басары Жанна Халиуллина менен жолугушуп, тараптар ортосунда Кыргызстандын 500 жаранын пилоттук долбоордо ишке орноштуруу боюнча келишим түзүүнү талкуулашканын министрликтин басма сөз кызматы билдирди.

Эрнест КАРЫБЕКОВ:

## “МАМЛЕКЕТ ЖЕТЕКЧИЛИГИ ЭКОНОМИКАНЫ КӨТӨРӨМ ДЕП ЧУРКАП ЖҮРСӨ, КАН СОРГУЧТАР ЭСКИ САЯСАТТЫ УЛАНТУУДА”



3-бетте

## АЙЫП ПУЛ МЕНЕН МАСЕЛЕ ЧЕЧИЛЕБИ?

Кайсыл гана өлкө болбосун, диний сабаттуулук актуалдуу болуп турат. Ансыз “чала молдо дин бузат” демекчи, кандайдыр бир кызыкчылыктардын артынан радикалдуу көз караштагы коомдун түзүлүшүнө түрткү болору талашсыз. Кыргызстанда бүгүнкү күндө диний агымдардын көптүгүнөн баш айланат. Муну тартипке салбаса болбойт. Кечээ эле УКМКнын кызматкерлери Сузак районунун Тотуя айылында мыйзамсыз көмүскө иштеп жаткан эки медресени аныкташты. Эң өкүнүчтүүсү, муфтият тарабынан текшерилбеген окуу куралдары менен диний сабактар өтүлчү экен. УКМКдан биринчи медреседе 9 жаштан 18 жашка чейинки 25 бала эртеден кечке билим алышып, мектепке барбаганын билдиришти.

Экинчи медреседе 40ка жакын аял жана 10 бала билим алып, жашы жете элек кыздар орто мектепке барган эмес. Текшерүүнүн жыйынтыгында мыйзам бузулганы боюнча актылар жана протоколдор түзүлүп, медресеге 5 500 сом айып салынып, ишмердүүлүгү токтотулуптур. Коомго коркунуч келтирген белгисиз динге тарбиялаган медресени чачынан сылагандай жарыбагандай айып пул салуу менен маселени чече алар бекенбиз?

## ТАРИФТИ КӨТӨРҮҮНҮ КААЛАП ЖАТЫШАТ

“Бишкексууканал” ишканасынын өкүлдөрү келечекте инфляцияга жараша тариф коё тургандыгын, ошондо жыл сайын тариф жогорулап турарын Бишкектин вице-мэри Жыргалбек Шамыралиев БМКнын турак жай-коммуналдык чарба, отун-энергетика комплекси, транспорт, коммуникация жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын жыйынында билдирди.

Эске салсак, сууга болгон тариф акыркы жолу 2019-жылдын ноябрь айында көтөрүлүптүр. Андан кийин калк үчүн муздак сууга 1,5 эсеге: куб метрине 5,38 сомдон 8,1 сомго чейин, саркынды сууга дээрлик эки эсеге – 1,2 сомдон 2,3 сомго чейин өскөн. Эми тарифти суунун 1 куб метри үчүн 10,45 сомго, саркынды суунукун 3,45 сомго чейин көтөрүү сунушталууда. Ошол эле учурда, «Бишкексууканал» ЖЧКсынын жетекчиси Таалайбек Орозовдун айтымында, бүгүнкү күндө суунун бир куб метринин баасы 12,9 сомду түзөт экен.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Жемиштүү сапар...

# 1 млрд доллардан ашык келишим – кызматташуунун үзүрү

**Президент Садыр Жапаровдун Кытай Эл Республикасына жасаган мамлекеттик иш-сапары саясый-экономикалык жактан алып караганда масштабдуу болду. Анткени, өлкө башчысынын расмий иш сапарына туш келген Борбордук Азия өлкөлөрүнүн беш Президенти катышкан Кытайдын байыркы борбору саналган Сиань шаарындагы "Борбор Азия – Кытай" саммитине катышышы кызматташуунун ар тараптуулугун арттырды.**



Президент мамлекеттик иш сапарынын алкагында Кытай Эл Республикасынын Төрагасы Си Цзиньпин, Кытайдын Мамлекеттик кеңешинин Премьери Ли Цян жана Кытай Элдик Саясий консультациялык кеңешинин Бүткүл Кытай комитетинин Төрагасы Ван Хунин менен жолугушуп, эки жана көп тараптуу кызматташтыктын актуалдуу маселелерин, жогорку деңгээлдеги макулдашууларды жана ар кыл чөйрөдөгү долбоорлордун ишке ашырылышын талкуулашты. Сапардын соңунда Президент Садыр Жапаров андан кийин Бишкек шаарынын керектөөлөрү үчүн сатылып алынган, газ менен жүрүүчү 120 автобустун партиясы чыккан "Zhongtong Bus Holding Co., Ltd" автобус заводунун иши менен таанышып, аталган маркадагы дагы 1000 автобусту Бишкек шаарына жеткирип берүү жөнүндө сүйлөшүлдү.

Эки тараптуу кызматташуунун натыйжалуулугун арттыруу максатында өлкө башчыбыздын Кытай Эл Республикасына (КЭР) болгон биринчи мамлекеттик сапарынын жыйынтыгында 1 млрд доллардан ашык суммадагы келишимдерге кол коюлду. Атап өтсөк, 800 млн еврого бааланган "China Power International Development Limited" компаниясы менен Ысык-Көл облусунда 1000 мегаваттык күн электр станциясын куруу жөнүндө инвестициялык макулдашуусу, 260 млн долларлык Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги менен Хэбэй Бай Доу Цзя ЖЧКсынын ортосундагы жер семирткич чыгаруучу заводдун курулуш долбоорун ишке ашыруу боюнча инвестициялык макулдашуусу, 100 млн долларга барабар Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги менен "Universal Energy Co. Ltd" компаниясынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандуму, 38 млн доллардык Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен Shaanxi Tianhan Shengdian Film Company Ltd.» ортосундагы "Жибек Жолунун алыскы шамалы" биргелешкен сериалын тартуу боюнча кинематография тармагындагы долбоорду ишке ашыруу жөнүндө макулдашуусу жана 25 млн долларлык «Beijing Zhongyi Boyue Culture Media Co.» ортосундагы «Бишкек сүйүүсү» биргелешкен сериалын тартуу боюнча кинематография тармагындагы долбоорду ишке ашыруу жөнүндө макулдашуусу бар. Ошондой эле иш сапардын алкагында, КРнын Энергетика министрлиги менен «TBEA» компаниясынын ортосундагы электр энергиясын Кытайга экспорттоо, "China Energy International Group Co Ltd" жана "China Gezhouba Group International Engineering Co. Ltd" компанияларынын ортосунда кызматташууга кол коюшту. Ош шаарынын мэриясы менен «Hunan Junxin Environmental Protection Co., Ltd.» компаниясынын ортосунда таштандыларды өрттөөчү завод куруу долбоору, «ТНК Шумкар» ААКсы менен «Xian Yuanchao» компаниясынын биздин өлкөбүздө SHACMAN сериясындагы оор жүк ташуучу жана атайын багыттагы автоунааларды чыгаруу боюнча бир пикирге келишти.

Андан башка КРнын Министрлер Кабинети менен Кытайдын өкмөтүнүн ортосунда акысыз жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашууга кол коюлуп, 42,6 млн доллар же 300 млн юань өлчөмүндө грант бөлүнмөк болду.

Ал эми аймактагы саясий байланыштарды бекемдөөнү, соода-экономикалык байланыштарды тездетип өнүктүрүүнү, коопсуздук, туруктуулук жана өнүгүүдө күчтөрдү бириктирүүнү көздөгөн "Борбор Азия - Кытай" саммитинде Президент Садыр Жапаров, кыргыз тарап «Борбор Азия – Кытай» форматынын алкагында кызматташуунун бардык багыттары боюнча жигердүү иш алып барууга даяр экендигин белгилеп, биргелешкен аракеттер менен даярдалган «Сиань декларациясы» өлкөлөрдүн кызыкчылыктарына жана узакка биргелешип өнүгүүнүн жалпы кызыкчылыктарына жооп берерин баса белгиледи. Ошону менен бирге жалпы ишти координациялай турган атайын органды – Катчылыкты түзүү идеясын сунуштады.

Ошондой эле Президент С.Жапаров, Борбор Азиянын экономикасын өстүрүүнүн драйвери болуп аймактык транзиттик, транспорттук жана логистикалык потенциалды өнүктүрүү саналарын айтып, «Бир алкак – бир жолдун» маанилүү звеносу болууга багытталган "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жолун куруу долбоорунун маанилүүлүгүн белгиледи. Бул стратегиялык долбоорду турмушка ашыруу аймакты транспорттук туңгуюктан алып чыгып, 4 миллиардга жакын адамды бириктирип, Азиядан Түркия аркылуу Европага, Жакынкы Чыгышка, Иран аймактарына, Перс булуңундагы өлкөлөргө жана Түндүк Африкага жүк ташуу географиясын кеңейтерин билдирди. Кыргызстан кытай тараптын «Борбор Азия – Кытай» инвестициялык жана каржылык платформасын түзүү демилгесин колдой тургандыгын, өлкөдө "жашыл энергияга" артыкчылык берилип жатканын, Кыргызстан мындай мүмкүнчүлүктөргө бай экенин баса белгиледи.

"Борбор Азия – Кытай" саммитинин жыйынтыгы боюнча өлкө лидерлери Сиань декларациясын кабыл алышып, бул документке Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров, КЭР Төрагасы Си Цзиньпин, Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон, Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёевдер кол коюшту.

Жылуу достук жана өз ара түшүнүшүү маанайында өлкө лидерлери Борбор Азия жана Кытай мамлекеттеринин ортосундагы достук алмашуулары ар тараптуу жыйынтыктап, көп кырдуу өз ара пайдалуу кызматташтыктын тажрыйбасын жалпылаштырып, мындан аркы өз ара аракеттенүүнүн жана кызматташтыкты тереңдетүүнүн багыттарын белгилеп алышты.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

## КЫЗЫЛ КРЕСТ ЖАНА КЫЗЫЛ ЖАРЫМ АЙ КООМУ БИЗГЕ ЖАКЫН

Кызыл Крест жана Кызыл Жарым ай Коомдорунун Эл аралык федерациясынын (КК жана ККЭФ) Борбор Азия боюнча аймактык кеңсеси Бишкек шаарында жайгашат. Бул маалымат аталган эл аралык уюмдун Башкы катчысы Джаган Чапагейн менен Президент Садыр Жапаровдун жолугушуусунда белгилүү болду.

Жолугушууда Кыргызстан менен ККЭФтин өлкөдөгү табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу, гуманитардык жардам жана социалдык колдоо боюнча эки тараптуу кызматташуунун артыкчылыктуу маселелери талкууланды.

Садыр Жапаров Джаган Чапагейнди экинчи мөөнөткө Башкы катчы болуп дайындалышы менен куттуктап, ишине ийгиликтерди каалады. Ошондой эле COVID менен күрөшүүдө жана Тажикстан менен жаңжал маалында жапа чеккен Баткен облусунун тургундарына көрсөткөн жардамы үчүн федерацияга ыраазычылык билдирди.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ: ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК МАСЕЛЕСИ

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев 22-майда Климаттын өзгөрүшүнүн шартында туруктуу өнүктүрүү боюнча кеңештин жыйынына катышты.




Жогорку Кеңештин Төрагасынын алдында түзүлгөн аталган кеңештин жыйыны депутаттардын, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров баштаган тиешелүү мекеме жетекчилеринин, эл аралык уюмдардын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусунда өттү.

Жыйында климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу тиешелүү иш-чараларды ыкчам жүргүзүп, экологияны жана жаратылыш ресурстарын сактоо багытында жигердүү иш алып баруу, экологиялык коопсуздукту камсыздоо маселелери тууралуу сөз болду.

## ЖЕЛИМДЕН КАГАЗ БАШТЫККА ӨТӨБҮЗ

Жердин баарын желим баштыктар басып кетти. Учурда мына ушул желим баштыктарды кагазга алмаштыруу маселеси турат. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев өзгөчө Ысык-Көл облусунда экологиялык жактан таза кагаздан жасалган баштыктарга этап-этабы менен өтүү боюнча иш алып барган жумушчу топ түзүүнү сунуштоодо. Ал бул сунушун Экономика жана коммерция министрлигинде кагаздан жасалган баштыктарды чыгаруучу ишкерлердин катышуусунда өткөн көчмө жыйында айтты. Бакыт Төрөбаев бул маселе боюнча кагаз өндүрүүчүлөрдү кызыктырган суроолорго да жооп берди.

## ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКА ЖАГЫНДА ӨНӨКТӨШ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров "Европа Биримдиги – Борбордук Азия" экинчи экономикалык форумуна катышуу үчүн Алматы шаарына болгон иш сапарынын учурунда Европа комиссиясынын Аткаруучу вице-президенти, Европанын соода боюнча комиссары Валдис Домбровскис менен жолукту.

Акылбек Жапаров Европа Биримдиги менен кызматташуу Кыргызстан үчүн артыкчылыктуу багыт экендигин айтып, "Европа Биримдиги биздин маанилүү соода-экономикалык өнөктөшүбүз жана негизги инвесторлордун бири" деп белгиледи.

Жолугушууда Европа Биримдиги тарабынан каржылана турган "Кыргыз Республикасындагы жашыл экономика программасы" алкагында Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен Европа Биримдигинин ортосунда биргелешкен документке кол коюлду.

**Даярдаган**
**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№41 (3490)
2023-жылдын 23-майы




Эрнест КАРЫБЕКОВ:

# "ЭНЕРГЕТИКАДА ЖАҢЫ ЭКИ КАДАМ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНА АЛЫП БАРАТ"



*(Башталышы өткөн санда)*

Кара-Кече альтернативалуу электр станция катары Токтогул каскады менен параллелдүү иштеп бүт Кыргызстанды электр энергия менен камсыздап тамак-аш, жылуулук, ысык суу жана башка керектөөнү толук жабат. Андан тышкары резервде 6 млрд киловатт/саат электр энергиясы калат. Эгерде станциянын аянтында 1 тонна көмүрдүн баасы 13 доллар болсо, станциядан чыккан энергиянын наркы 1 цент же 1 сомдун тегерегинде болот. Бул Бишкек ЖЭБинен чыккан энергия баасынан 4 эсе арзан. Биз Бишкекке канча күйүүчү май коротуп ташып келебиз, аны жагып экологияга зыян келтирип жатабыз. Эки кадамдан турган бир эле долбоор менен өзүбүздү электр энергиясы менен камсыз кылсак болот. Кара-Кече Токтогул каскады менен чогуу иштегенде экономиканы жана калкты да тегеректеп айтканда арзан энергия – 1 сом менен камсыздоого мүмкүн болот. Түпкүлүгүндө энергияны да, жылуулукту да кымбат чыгарган Бишкек ЖЭБи жана Ош ЖЭБи кереги деле жок болуп калат. Бизде системалык түрдө экология маселеси да чечилет.

## Экология жана арзан энергия

**- Баары бир станцияга көмүрдү ташып келиш керек болот да.**

- Электр станциясы менен көмүр кенинин ортосу 30-40 км. Бирок кен станция аянтынан 1 километрге бийик болот. Андыктан биз ошол жактан майдалап көмүр-суу аралашмасын чоң түтүктөр менен алып келип жаксак болот. Биздин көмүргө жалпы керектөөбүз 2,5 млн тонна. Кымбат көмүрдү ташып жакпай, абаны сактайбыз. Эл 3 жылдан кийин арзан 1 сомдук электр энергия менен камсыз болсо, көмүр жакпай калат. Экологияны системалык негизде чечебиз. Демек, Кара-Кече станциясынын курулушу экологияга да жакшы болмок.

**- Азыр Камбар-Ата-1 ГЭСин, кичи ГЭСтерди курууга артыкчылык берилип жатат. Кара-Кече жөнүндө сөз да жок го?**

- Камбар-Ата-1 ГЭСин өзүбүздүн акчага же Казакстан, Өзбекстан менен ортодон үстөгү жок акчаны чыгарып куруп, анан качан актайт ал маанилүү эмес, чогуу куруп алсак эле болду десек бир жөн. Электр станциясы кредит менен гана курулат. Россиянын "РусГидросу" да кура алган жок, себеби техника-экономикалык негиздемесине келгенде кымбатка түштү. Биз ага чейин эле кура албайт, кымбат дегенбиз. Кредиттик портфель дүйнө жүзүндө бирдей эле – үстөгү, анан 7-10 жылдын ичинде жеңилдик мезгили деп коёт. 20-25 жылдан кийин ал кредитти кайтарып бериш керек. Кайтарып бериш үчүн станциядан чыккан энергияны 10 цент же 8 сомдон сатыш керек. Мындай баа бизде эле эмес, жалпы аймакта жок. Ошону эске албай кайра эле "эски тырмоокту басып" жатабыз. Камбар-Ата-1ди курабыз дегенге 45 жыл болуптур. Муну сөзсүз куруш керек. Ага 5 млрд доллар керек. Каражаттын булагын табыш керек. Суу электр станцияларын куруу кымбатка турат. Наркы да кымбат, 8 сом. 8-10 жылда курулса, дагы 5 жыл сууну топтоого туура келет.

**- Быйыл жыл башында Камбар-Ата ГЭСин кошуна Өзбекстан, Казакстан менен бирге куруу боюнча Меморандумга кол коюлду. Анда үлүштөрүнөн бери көрсөтүлүптүр, 33, 33 анан биздики 34 болуп. Сиз кандай ойлойсуз, кошуналар менен чогуу куруу биз үчүн тобокелчилик эмеспи?**

- Меморандум юридикалык күчү бар, расмий документ эмес. Бул үчүн эч кимдин жоопкерчилиги жок. Меморандумга кол коюп, эч ким каржы булактарын көрсөткөн жок. Бул бир. Меморандумдан кийин келишим түзүлөт. Келишим үч өлкөнүн парламентинен өтүшү керек. Ага чейин биз жете электпиз. Албетте, биз өзүбүздүн күчүбүз менен же кредит алып куруп алсак жакшы болмок. Бирок кредитти оңой менен бербейт. Себеби, жогоруда айткандай ГЭС курулгандан кийин анын өзүн акташы кандай болот, энергиянын сатуу рыногу жана башка маселелер бар. Биз баарын эле ишке ашырсак дейбиз. Бирок приоритет болуш керек. Аны келечек муундар деле курат. Биз азыр тез арада Кара-Кече электр станциясын баштап, экономикабызды, энергетиканы баш кылып өнүгүү жолуна салып алсак туура болмок.

## Издеген жол табат

**- Энергетика гана эмес, жалпы эле экономика тармагын өз жолубуз, өз багытыбыз менен алып кетүүгө азыр да кеч эмес деген ойду айтып жатасыз да?**

- Ооба, концептуалдуу идеяны ишке ашырып, экономикабызды комплекстүү карабасак жаңы моделге өткөрө албайбыз. Бул бардык жагынан алып келгенде жеңил эле чечиле турган маселе. Биз өз энергоресурсу жок Беларусь же Армения эмеспиз. Бизде газ, нефти жок болсо да суу, көмүр бар. Россия, Казакстан өз ресурстары менен жашай алат. Биз дагы өз ресурстарыбыз менен иш алып барышыбыз керек. Биздин улуттук баалуулуктарыбыздын эң башында жер, мөңгү, каада-салт, үрп-адат, тарыхыбыз, маданиятыбыз, наркнасилибиздин эң чокусунда биздин суверенитетибиз болуш керек. Суверенитетибизди сакташ үчүн мисалы энергетиканы, байланышты, экономиканы көз карандысыз кандай башкарыш керек, идеологияны кандай алып барыш керек, тилибизди кантип өнүктүрөбүз деп өнүгүү жолдору өзү эле ачылат.

**- Тариф саясатына келсек. Май айынан баштап элибиз 700 киловатт/саат электр энергиясы үчүн мурдагыдай 77 тыйын эмес, 1 сомдон акы төлөйт. Башкасынын бардыгы мурдагыдай эле калды. Бирок ушул 23 тыйын деле элибиздин көпчүлүк бөлүгү үчүн оор болушу мүмкүн. Сиз кандай ойлойсуз, ушул тариф өзүн актайбы?**

- Азыр биз сазга түшүп, ошондон чыга албай турабыз. Мындай шартта мейли 23 тыйынга көбөйтө берсин. Бирок бул маселени системалуу түрдө чечпейт. Себеби, тариф 23 тыйынга көтөрүлүшү менен тармакка жылына 2,5 млрд сом гана пайда келет экен. А эгерде жогоруда айткандай улутташтырылса, бир жылда 8 млрд сом киреше алууга болот. Анан 3 жылда Кара-Кечеге электр станция куруп экономикага да, элге да арзан энергия бере алсак анда биз өнүгүү жолуна чыга алабыз. Азыр болсо натыйжа болбойт, башкаруучулар кыскарбайт, кайра көбөйө бериши мүмкүн. Мунун баары элдин эсебинен болуп жатпайбы. Күндөн, шамалдан электр станция курулабы же ГЭС курабы элге, экономикага оорчулук келтирбеш керек. Мамлекет жетекчилиги экономиканы көтөрөлү деп чуркап жүрсө, кан соргучтар өлкөнүн денесине жабышып алып, бирөөнүн туура эмес саясатына сугарылып, ошол саясатты кайра эле улантып жатышат.

**- Жогоруда өзүңүз айткандай азыр тармакты каржылык колдоо үчүн тарифти көтөрүүдөн башка жолду көрбөй жатышпайбы.**

- Эми айла жок. 23 тыйынга кымбаттатууну эл туура эле түшүнөт. Эл эмне үчүн унчукпай жатат, себеби биздин жетекчилерге ишеним бар, бийликке 80%дан ашык элдин добушу менен келди. Адилетсиздик болуп, ортомчулар эле мамлекеттин эсебинен байый берсе болбойт. Мамлекет энергия өндүрөт, элдин алдында жоопкерчиликтүү. Ортомчулардын эч жоопкерчилиги жок, ортодон эле майлуу жерде отуруп алышып байып жатышат. Эми ортомчулар дагы 23 тыйынга байый баштады. Кыштан чыгыш үчүн бизде 6 ай от жагабыз. Эки жылуулук борбор кыштан чыгыш үчүн отунга 100 млн доллар сарптайт. Бул 8 млрд сом. 2,5 млрд сом эмнесине жетет? Айлыктарын элдин эсебинен мамлекет төлөйт. Кыргыз эли адилеттүүлүк менен чечилсе баарына чыдайт. Дагы бир сомго кошсо, эгер ушул зарыл болсо эл түшүнөт. Бирок ортодон системалуу коррупция гүлдөп, жегичтер жеп жатса эл түшүнбөй калышы мүмкүн. Ошол үчүн тармакты улутташтырууга баруу абалдан чыгуунун туура жолу болмокчу.

**P.S. Маектин видеоверсиясы менен гезиттин ЮТУБ каналынан көрө аласыздар.**

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**



Ырыс ТУРАРКУЛОВ:

# "АДИЛЕТТҮҮЛҮК БАР ЭКЕН..."



*Ушул жылдын 9-январында ИИМ академиясынын курсанты 24 жаштагы Айза Улан кызы жол кырсыгынан каза болгон. Айзаны унаа менен койдуруп, кылмыш болгон жерден качып кеткен айдоочу Бишкек ШИИББи тарабынан 3 күн өткөндөн кийин кармалган. Кылмышка шектүү ички иштер органынын мурдагы кызматкери У.Н.А. болуп чыккан. Бирок, ал саламаттыгына байланыштуу сот тарабынан үй камагына чыгарылган. Анда Айзанын өмүрүн алып кеткен бул кырсыктын күнөөкөрүнүн үй камагына чыгарылышы коомчулуктун сынына кабылган. Окуя коомчулукта резонанс жаратып, сот процессери чуулгандуу өтүп жаткан. Айзанын туугандары жаш кыздын өлүмүнө себепкерди мыйзам чегинде жазага тартууну суранып Президент Садыр Жапаровго жана Башкы прокуратурага кайрылганга аргасыз болушкан. Бирок, бул окуя жакында башка өңүттөн ачылды. Башкы прокуратуранын тергөөчүлөрү кылмыш ишин ички иштер органдарынын мурдагы кызматкери У.Н.А. эмес, анын уулу жасагандыгын аныкташкан. Атасы уулун жоопкерчиликтен куткаруу үчүн кылмышты өз мойнуна алганы, тергөөнүн жыйынтыгында аныкталган. У.Н.А. ден соолугуна байланыштуу камакка алынбай тургانын билип, баласынын кылмышын жашырган. Ошентип, тергөөнүн нугу такыр бөлөк жакка бурулуп, мурда шектүү катары аталып келген адамдын уулу У.Э. өлкөдөн чыгып кетүүгө камынып турган кезде кармалып, эки айга камакка алынган. Учурда кылмышка шектүү тараптын жактоочулары Бишкек шаардык сотуна апелляциялык арыз менен кайрылып, кылмышкерди үй камагына чыгарып берүүнү суранып жаткандыгы белгилүү болду. Бул тууралуу Айза Улан кызынын бир туган агасы Ырыс Тураркулов айтып берди.*

**- Ырыс мырза, кылмышты атасы эмес уулу кылгандыгын билгенде кандай абалда болдуңуз? Же башынан эле бул иште бир мандем бар экендиги билинген беле?**

- Биз шектүү кармалганда эле кылмышты бул киши жасаган эмес го деген ойдо болгонбуз. Анткени ал ички иштер органынын мурдагы кызматкери экен. Кылмыш кылып, качып кеткендерге кандай жаза болорун билип туруп ал мындай кылмак эмес деген ой келген. Бирок, эч качан ал баласынын кылган кылмышын жашырып жатат деп ойлогон эмеспиз. Ден соолугуна байланыштуу кылмыш жообуна тартылбасын билип туруп, ал уулунун кылмышын жашырганга баргайны биздин күйүтүбүздү дагы күчөттү. Жарабызды кайрадан тырмады. Мындай кадамга ал жалгыз өзү бармак эмес. Бул сүйлөшүлүп, жазадан качуунун жолун билгендер менен акылдашып туруп кылынган иш. Биринчи сот отурумдары болуп, алардын жазадан качуу аракетин көргөндө, айрым суроолорго жооп таба албаганыбыздан улам Башкы прокуратурага кайрылганбыз. Ишти адилеттүү тергеп, бизге чыныгы кылмышкерди таап берген прокуратура кызматкерлерине терең ыраазычылык билдиребиз. Адилеттүүлүк бар экен, тергөө чындыгында жоопкерчилик менен өттү.

**- Азыр алар Бишкек шаардык сотуна апелляциялык арыз менен кайрылышыптыр. Эмне үчүн?**

- Уулун үй камагына чыгарып берүүнү өтүнүп жатыптыр. Биринчи Май райондук соту Айзаны сүзгөн баланы 2 айга камакка алуу боюнча чечим чыгарган. Эми алар да өз укугунан пайдаланып апелляциялык арыз менен кайрылып жатышат. Биз шаардык соттон да адилеттүү чечим чыгарып беришин өтүнөбүз. Эгер ал үй камагына чыгарылса тергөөнүн жүрүшүнө тоскоолдуктар жаралып, кылмыш жоопкерчилигинен качуу аракетин көрөбү деген ойдобуз.

**- Уулунун кылмышын жашырган атасына кандай чара көрүлдү?**

- Атасына жаза каралган жок. Мындай учурда кылмыш жоопкерчилигине тартуу мыйзамда каралбаптыр. Биз азыр Бишкек шаардык сотунун Биринчи Май райондук сотунун чечимин күчүндө калтырып берет деген ишеничтебиз. Кылмышкер өз жазасын алыш керек. Карындашымдын жаш өмүрү кыйылды. Анын үстүнө оюн куруп, биздин күйүтүбүзгө күйүт кошуп жатышат.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Кыргыз сомуна – 30 жыл

# “ЧАКЫРЫКТАРДАН ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРГӨ” ЭЛ АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ



Кыргызскому сому 30 лет

Мындан туптуура 30 жыл мурун эгемендүү Кыргыз Республикасы КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчи болуп өзүнүн улуттук валютасы – кыргыз сомун жүгүртүүгө киргизүүсү өлкөдөгү өтө маанилүү тарыхый окуя болгон. Албетте кыргыз сомун жүгүртүүгө киргизүү оңойго турган эмес. Адегенде бул олуттуу маселенин айланасында болуп көрбөгөндөй талаш-тартыштар жүрүп, өзүбүздүн улуттук валютабыздын жүгүртүүгө киргизилишине карамандай каршы чыккандар чекеден чыккан. Бул табигый көрүнүш болчу. Бирок, өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында өлкөдө экономикалык башаламандыктын арааны ачылып, гиперинфляция өкүм сүрүп, андагы рубль акчасынын куну кетип, самандай сапырылып турган учурда куру кагазга айланып бараткан сансыз акча эмиссиясы менен салыштырмалуу айтканда биздин кичинекей кыргыз мамлекетинин ресурстарын тышка чыгарып кетүү коркунучу жаралган эле. Анын үстүнө жаңыдан жаралган эгемендүү кыргыз мамлекетинин өзүнүн улуттук валютасына ээ болуусу жана өнүгүштүк жаңы мамилеге өтүүсү мыйзам ченемдүү көрүнүш болчу.



Мына ушундай кырдаалды кыргыз жетекчилиги, көрүнүктүү экономисттер, банк ишмерлери алдын-ала түшүнүп, абалды баалоо менен улуттук валюта – кыргыз сомун жүгүртүүгө киргизүү боюнча жасаган чечкиндүү кадамдары тарыхый чечим болуп калган. Ошого карабастан алыскы жана жакынкы чет өлкөлөр адегенде кыргыз сомунун жүгүртүүгө киргизилишине байкоочу катары көз салып турушкан болчу. Бирок көп узабай КМШнын бардык өлкөлөрү өздөрүнүн улуттук валюталарын тез арада жүгүртүүгө киргизүүгө ашыгышкан. Ал эми өз убагында жүгүртүүгө киргизилген кыргыз улуттук валютасы расмий төлөм каражаты катары функциясын ийгиликтүү аткаруу менен анын оң натыйжасы дароо эле сезиле баштаган. Бара-бара мезгил улуттук өз валютабыздын жүгүртүүгө киргизилишинин тууралыгын ырастады.

Албетте кыргыз сомунун телчигип, туруктуу валютага айланышына Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит боюнча жүргүзгөн туура саясаты өтө маанилүү ролду ойногон.

Ошентип кыргыз сому отуз жылда бир жагынан татаал, экинчи жагынан жемиштүү тарыхый жолду басып өттү. Ушуга байланыштуу улуттук валютабыз – кыргыз сомунун жүгүртүүгө киргизилгенинин 30 жылдык маарекесин тартынбай салтанаттуу белгилөөнүн жөнү, жолу бар болчу.

Бул маарекени өлкөбүздүн Улуттук банкы жагымдуулук менен пайдалуулукту айкалыштыра белгилөөнү туура көрүп, 2023-жылдын 19-майында “Ала-Арча” мамлекеттик резиденциясында “Чакырыктардан жаңы мүмкүнчүлүктөргө” деп аталган Эл аралык конференциясын өткөрдү. Бул Эл аралык конференциянын ишине Россия Федерациясынын Борбордук банкынын төрагасы Эльвира Набиуллинанын, Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы Галымжан Пирматовдун, Өзбекстан Республикасынын Борбордук банкынын төрагасы Маморизо Нурмуратовдун, Швейцария Улуттук банкынын төрагасы Томас Йордандын, Кыргыз Республикасындагы Эл аралык валюта фондунун өкүлү Тигран Погосяндын, Кыргыз Республикасындагы Дүйнөлүк банктын өкүлчүлүгүнүн башчысы Навид Хасан Наквинин, Европалык Өнүктүрүү жана Реконструкция банкынын адъюнк директору, улук банкири Жылдыз Галиеванын ж.б. чет өлкөлүк банк адистеринин катышуусу жана алардын жасаган кенен мазмундуу докладдары конференциянын эл аралык статусун бекемдеп, анын олуттуулугун арттырды жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык аброюнун жогору экендигин көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы Кубанычбек Кеңешович Бөкөнтаев кириш сөзүндө “Кыргыз сому жаш республика үчүн татаал социалдык-экономикалык кырдаалда жана рыноктук реформалар жүргүзүлүп жаткан учурда жүгүртүүгө киргизилген. Кыргыз Республикасы рынок экономикасына өтүп жаткан учурда улуттук валютаны жүгүртүүгө киргизүү чечими өлкөдө акчаны көз карандысыз жөнгө салууну түптөгөн негизги инструмент менен камсыз кылган. Артка көз чаптырсак, мындай кадам Кыргызстанга көз карандысыз экономикалык саясатты жүргүзүүгө жана 90-жылдардын башында инфляциялык процесстерди турукташтырууга шарт түзүп берген деп айтууга болот. Басып өткөн ушул отуз жыл ичинде Кыргыз Республикасында экономикалык процесстер жана финансы сектору кыйла өзгөрдү. Кыргыз Республикасынын экономикасынын туруктуу өнүгүү факторлорунун системасы финансы системасынын ишинде түзүмдүк өзгөрүүлөрдүн жана модификациялардын алкагында улам өзгөрүп турган. Өлкөнүн финансы системасынын өнүгүшүнө жараша Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы да акча-кредит саясатын натыйжалуу жүргүзүү үчүн ишенимдүү каражат катары кызмат кылып, туруктуу төлөм каражаты болуу менен экономиканын толук кандуу иштешин жана өлкөнүн финансы-кредит мекемелеринде сом түрүндө аманаттардын үзгүлтүксүз өсүү динамикасын камсыз кылды.

Улуттук валюта – сом, өзүнүн туруктуулугу, коргоо өзгөчөлүктөрү сыяктуу эле дизайны менен да эл аралык сынактарда жана көргөзмөлөрдө жогору бааланып, башка валюталар катарында өзүнүн татыктуу ордун ээлеп келе жатат.

Бүгүнкү күндө кыргыз сому совет мезгилинен кийинки мейкиндиктеги эң эле туруктуу валюталардын бири болуп саналат, ал экономикада жана дүйнө жүзү боюнча болуп жаткан кризистик жагдайлар менен толкундоолорго карабастан жогору ишенимдүү төлөм каражаты экендигин дале тастыктоодо.

Азыркы инфляция жогору болуп турган учурда баа туруктуулугун колдоо биздин артыкчылыктуу багытыбыз экендиги талашсыз.

Финансы чөйрөсүндөгү мурунку инновациялык көрүнүштөргө салыштырганда жаңы технологиялардын жайылтуунун ыкчам өсүшүнөн улам, тобокелдиктерди жөнгө салуу маселеси татаалдашып, туруктуулукту сактоо жагында жаңы чабал жактар пайда болууда. Ошентип финансы системасында санариптештирүүнүн күчөтүү жаңы чакырыктарды жаратып, ошол эле учурда туруктуу экономикалык өнүгүүнү күчөтүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн пайда кылууда” деди.

Конференциянын ишине катышкан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын орун басары Н.Азыгалиев, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары А.Касымалиев жана Швейцария Улуттук банкынын төрагасы Й.Томас куттуктоо сөздөрүн сүйлөштү.

Эл аралык конференциянын программасында туруктуу экономика жана экономиканы санариптик трансформациялоо темаларына арналган эки сессиялык блок каралган. Биринчи сессиянын алкагында “Экономиканы трансформациялоо шарттарында акча-кредит саясатынын ролу” темасы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын орун басары Заир Чокоев, Россия Федерациясынын Борбордук банкынын төрагасы Эльвира Набиуллина жана Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы Галымжан Пирматов баяндама жасашты.

Инфляциянын глобалдуу өсүшү, анын Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн акча-кредит саясатынын негиздерине таасири темасы Өзбекстан Республикасынын Борбордук банкынын төрагасы Маморизо Нурмуратовдун жана Эл аралык валюта фондунун Кыргыз Республикасындагы туруктуу өкүлү Тигран Погосяндын баяндамасынын өзөгүн түздү.

Мындан тышкары катышуучулар туруктуу экономиканы өнүктүрүү инструменттери катары санариптештирүү жана “жашыл финансы” маселелерин, ошондой эле глобалдуу өнүгүү процессине өтүүдө өндүрүштүн калдыктарын мүмкүн болушунча жокко чыгаруу боюнча Борбордук Азиянын көйгөйлөрүн талкуулашты.

Экинчи сессиянын жүрүшүндө катышуучулар финансы технологиялары, финансы системасын санариптештирүү мүмкүнчүлүктөрү жана чакырыктары, ошондой эле борбордук банктардын санарипвалютага, финансы рыногун жөнгө салууга киберкоопсуздукка байланышкан келечекти талкуулоодон тышкары , IT тармагындагы кадрлар потенциалын, анын ичинде технологиялар чөйрөсүндөгү аялдардын ролу жөнүндө сөз кылышты.

Конференцияны жыйынтыктап жатып К.Бөкөнтаев өз сөзүндө “Дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр экономикалык жана финансылык толкундоолорго алып келип, бүткүл дүйнө жүзүндө экономикалык өнүгүүгө карата тобокелдиктерди жаратууда, мындай кырдаалда өкмөттөр жана борбордук банктар тышкы таасирлерге туруштук берүүнү жогорулатуу үчүн алдын-ала аракет кылуусу зарыл” деп белгиледи. “Эл аралык конференцияны уюштуруп жатып, биз биргелешкен талкууларды өткөрүү, тажрыйба алмашуу, ошондой эле ар бирибиздин өлкөбүздө ишке ашырууга мүмкүн болгон иш-чаралардын негизин түзүү максатында саясатты иштеп чыгууга жоопту адамдарды, изилдөөчүлөрдү жана практиктерди чакырууну туура көрдүк” деди.

Конференциянын акырында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы К.Бөкөнтаев катышуучуларга кызыктуу жана мазмундуу баяндамалары үчүн ыраазычылыгын билдирип, мындай форматта пикир алмашуу өз натыйжасын берерине жана мындан ары да улантыла тургандыгына терең ишенимин билдирди.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№41 (3490)
2023-жылдын 23-майы


ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?

## Жогорку Кеңештин депутаты Жалолидин НУРБАЕВ:

# “Көп өлкөлөр менен мамилебиз чыңдалып жаткандыгы кубандырат”

Көптөгөн жылдар бою Араван районунун гана ичинде “кайнап келген” Жалолидин Паязидиновичти кичи мекениндегилер парламенттин соңку чакырылышына депутат кылып шайлап алышкан. Эл өкүлү менен айрым актуалдуу маселелер тууралуу маектештик.



**- Жалолидин мырза, сиз көп убакыт жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутумунда, айыл өкмөтүнүн башчылык кызматында иштедиңиз. Учурда бул тармакты ирилештирүүдө кандай кемчиликтерди байкадыңыз?**

- Ооба, мен көп жыл айыл өкмөт башчысы болуп иштедим. Учурда айыл аймактарды ирилештирүү азыркыдай санариптик мезгилде жеңил эле болот. Мурункудай көйгөй жараткан маселелер деле болбойт. Азыр көп айыл өкмөттөр дотацияда турат. Ошондуктан, бул жагын эске алып маселелерди чечсе болот. Азыр ирилештирүүнүн пилоттук долбоору гана башталды. Кудай буюрса долбоор келечекте жакшы жыйынтык берет. Азырынча аша чапкан же кандайдыр бир кемчиликтерди байкай элекмин.

**- Жаз жылдагыдан кеч келип, айдап-себүү жай темпте жүрүүдө. Быйыл жергиликтүү дыйкандарды жер семирткич менен камсыз кылуу эл өкүлү катары сиздин купулуңузга толдубу?**

- Быйыл жылдагыдан жаз чынында кеч келди. Айдап-себүү айрым аймактарыбызда өтө кеч болуп калды. Суу маселеси дээрлик бардык аймактарда көйгөй болду. Үрөндөн анчейин деле көйгөй болгон жок. Ошол эле сиз атаган жер семирткичтер жагынан былтыркыга караганда быйыл жеңил болду. Анткени, өкмөт жер семирткичтерди өзү албастан, бул жаатта иштеп жаткан фирмаларга мүмкүнчүлүк берди. Ошолор Россия, Казакстан, Өзбекстандан алып келишип, жер-жерлерге чейин жер семирткичтерди жеткирип берип жатышат. Чынында бул жагынан өлкөдө маселе болгон жок. Демек, чечсе болот экен го? Парламенттин агрардык комитетинде иштеп жаткандыгымдан улам бул маселелерге жеке өзүм да тыкыр көз салып, көйгөй, кемчиликтерден кабар алып турам.

**- Араванда кандай көйгөйлөр бар экен? Ал жактагы орчундуу маселелерди сизчелик эч ким билбесе керек...**

- Араванда май, июнь, июль, август айларында агын суу өтө чоң көйгөй жаратып келген. Эки жылдан бери ушул маселени көтөрүп, Араванга суу сактагыч (БСР) куруу керектигин айтып келем. Кудай буюрса бул маселе чечилип, долбоорго кирди. Долбоор тендерге берилсе, Араванга эки кичи ГЭС курулат. Бул жагынан мамлекетти гана карап отурбастан, инвесторлор менен да сүйлөшүүлөр жүрүүдө. Мындан тышкары кичи мекенимде өлкөбүздүн башка аймактарындагыдай эле ички жолдордун начардыгы, бала бакчанын жетишсиздиги, турак-жай куруу маселеси курч көйгөй бойдон калууда. Жакында 5 гектар жер аянты көп кабаттуу үйлөрдү куруу үчүн бөлүндү. Эгерде бул ишке ашса миңдеген жарандарыбыз үйлүү болушмакчы.

**- Парламенттин иштөө табиятына көндүңүзбү? Борбордук бийликте иштөө сизге оорчулук жараткан жокпу?**

- Албетте, көндүк. Буга чейин айыл өкмөт башчысы болуп жүргөн кезимде Аравандагы 19 миң калкка жооп берсем, азыр 90 миңден ашуун шайлоочуларымдын же 140 миң элдин тагдыры менен көйгөйү мойнума милдет болуп жүктөлдү. Мындан тышкары 7 миллионго чукул элибиздин тагдыры 5 жылга чейин биздин мойнубузга тагылган жоопкерчиликтүү милдет. Парламенттеги эң негизги максат – элдин, мамлекеттин кызыкчылыгын бардык нерселерден өйдө коюп, эртеңки күнү уят болбогондой ак ниеттүүлүк менен иштөө милдети турат.

**- Бүгүнкү бийликтин иш ыргагындагы кайсы иштерин тизмектеп, колдоого алат элеңиз?**

- Бүгүнкү бийлик колунан келишинче аракет кылып жатат. Өлкөбүздө маселелер өтө көп. Кечээ Президентибиз Кытай өлкөсүнө мамлекеттик иш сапары менен барып, бир топ жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, маселелерди чечип келди. Тышкы саясатыбызда көп өлкөлөр менен мамилебиз чыңдалып жаткандыгы кубандырат. Бир сөз менен айтканда Кудай буюрса ишибиз оң жагына кетти. Биз баарыбыз бир гана кишини карап отура бербестен, өзүбүз да аракетибизди кылып, өлкөбүзгө, элибизге жардам беришибиз керек. Мамлекетти көтөрүү, жардам берүү бардыгыбыздын жалпы милдетибиз экенин элибиз да жакшы түшүнүп калды.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 4-ОКТЯБРЫНДАГЫ №196 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНА ИМПОРТТООДО КНС ТӨЛӨӨДӨН БОШОТУЛУУГА ТИЙИШ БОЛГОН ЭНЕРГИЯНЫН КАЙРА ЖАРАЛУУЧУ БУЛАКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН НЕГИЗИНДЕ ЭНЕРГЕТИКАЛЫК ОРНОТМОЛОРДУ КУРУУ ҮЧҮН АРНАЛГАН АДИСТЕШТИРИЛГЕН ТОВАРЛАРДЫН ЖАНА ЖАБДУУЛАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 297-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 4-октябрындагы №196 «Кыргыз Республикасынын аймагына импорттоодо КНС төлөөдөн бошотулууга тийиш болгон энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануунун негизинде энергетикалык орнотмолорду куруу үчүн арналган адистештирилген товарлардын жана жабдуулардын тизмегин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Тизмек төмөнкүдөй мазмундагы «Башка жабдуулар» деген бөлүм менен толуктalсын:

«

| № | ЕАЭБ ТЭИ ТН | Башка жабдуулар |
|---|---|---|
| 1 | 8504 22 100 0 | Кубаттуулугу 650 кВАдан ашык, бирок 1 600 кВАдан ашпаган суюк диэлектриги бар трансформаторлор |
| 2 | 8504 23 000 9 | Кубаттуулугу 10000 кВАдан ашык суюк диэлектриги бар башка трансформаторлор |
| 3 | 8504 32 000 2 | Кубаттуулугу 1 кВАдан ашык, бирок 16 кВАдан ашпаган электр трансформаторлору, өлчөөчү |
| 4 | 8535 10 000 0 | 1000 Вдан ашык чыңалууга эриме сактагычтар |
| 5 | 8535 21 000 0 | 1000 Вдан ашык, бирок 72,5 кВдан аз чыңалууга автоматтык өчүргүчтөр |
| 6 | 8535 29 000 0 | 1000 Вдан ашык чыңалууга автоматтык өчүргүчтөр, башкалар |
| 7 | 8535 30 200 0 | 72,5 кВдан аз, бирок 1000 Вдан ашык чыңалууга ажыраткычтар жана үзгүлтүккө учураткычтар |
| 8 | 8535 30 900 8 | 72,5 кВдан жана андан ашык чыңалууга башка ажыраткычтар жана үзгүлтүккө учураткычтар |
| 9 | 8535 30 900 1 | Тышкы аппаратураны туташтыруу үчүн арналган бекитүү тешиктери менен экиден кем эмес монтаждоо фланецин камтыган, алюминий эритмесинен жасалган корпустагы 110 кВдан кем эмес, бирок 550 кВдан ашпаган чыңалууга элегаз өчүргүчтөрү, мында жок дегенде монтаждоо фланецтеринин бири борборлорунун диаметри 330 мм кем эмес, бирок 680 мм ашпаган тегеректе жайгашкан бекитүү тешиктерин камтыйт |
| 10 | 8535 30 900 2 | Тышкы аппаратураны туташтыруу үчүн арналган бекитүү тешиктери менен экиден кем эмес монтаждоо фланецтерин камтыган, алюминий эритмесинен жасалган корпустагы 110 кВдан кем эмес, бирок 550 кВдан ашпаган чыңалууга элегаз ажыраткыч жерге туташтыргычтар, мында жок дегенде монтаждоо фланецтеринин экөө борборлорунун диаметри 330 мм кем эмес, бирок 680 мм ашпаган тегеректе жайгашкан бекитүү тешиктерин камтыйт |
| 11 | 8535 30 900 3 | Борборлорунун диаметри 330 мм кем эмес, бирок 680 мм ашпаган тегеректе жайгашкан бекитүү тешиктери менен тышкы аппаратураны туташтыруу үчүн арналган, жок дегенде эки монтаждык фланецти камтыган, алюминий эритмесинен жасалган корпустагы 110 кВдан кем эмес, бирок 550 кВдан ашпаган чыңалууга элегаз жерге туташтыргычтар |
| 12 | 8535 30 900 8 | 72,5 кВ жана андан ашык чыңалууга ажыраткычтар жана үзгүлтүккө учураткычтар |
| 13 | 8535 40 000 0 | 1000 Вдан ашык чыңалууга чагылган тоскучтар, чыңалууну чектегичтер жана чыңалуунун кескин өзгөрүүсүн токтоткучтар |
| 14 | 8535 90 000 8 | Электр чынжырларын коммутациялоо же коргоо үчүн же электр чынжырларына туташтыруу үчүн же электр чынжырларында (мисалы, өчүргүчтөр, кайра өчүргүчтөр, ток кабылдагычтар, токосъемниктер жана башка туташтыргычтар, туташтыруучу кутулар) 1000 Вдан ашык чыңалууга электрдик башка аппаратура |
| 15 | 8535 90 000 1 | Борборлорунун диаметри 330 мм кем эмес, бирок 680 мм ашпаган тегеректе жайгашкан бекитүү тешиктери бар тышкы аппаратураларды туташтыруу үчүн монтаждоочу фланец шакекчесин камтыган алюминий эритмесинен жасалган корпуста 110 кВдан кем эмес, бирок 550 кВдан ашпаган чыңалууга бир же бир нече электроддору менен өтүүчү изоляторлор |
| 16 | 8536 10 100 0 | 1000 Вдан ашпаган чыңалууга, 10 Адан кем эмес ток күчүнө эригич сактагычтар |
| 17 | 8536 10 500 0 | 1000 Вдан ашпаган, 10 Адан ашык, бирок 63 Адан ашпаган ток күчүнө эригич сактагычтар |
| 18 | 8536 10 900 0 | 1000 Вдан ашпаган чыңалууга, 63 Адан ашык ток күчүнө эригич сактагычтар |
| 19 | 8536 20 100 7 | 63 Адан ашпаган ток күчүнө автоматтык өчүргүчтөр, башкалар |
| 20 | 8536 30 200 0 | 16 Адан ашпаган ток күчүнө электр чынжырларын коргоо үчүн түзүлүштөр, башкалар |
| 21 | 8536 30 400 0 | 16 Адан ашык, бирок 125 Адан ашпаган ток күчүнө электр чынжырларын коргоо үчүн түзүлүштөр, башкалар |
| 22 | 8536 30 800 0 | 125 Адан ашык ток күчүнө электр чынжырларын коргоо үчүн түзүлүштөр, башкалар |
| 23 | 8536 41 100 0 | 60 Адан ашпаган чыңалууга, 2 Адан ашпаган ток күчүнө реле |
| 24 | 8536 41 900 0 | 60 Адан ашпаган чыңалууга, 2 Адан ашык ток күчүнө реле |
| 25 | 8536 49 000 0 | 1000 Вдан жогору эмес чыңалууга реле, башкалар |
| 26 | 8536 90 010 0 | 1000 Вдан жогору эмес чыңалууга электр чынжырлары үчүн алдын ала чогултулган элементтер |
| 27 | 8546 10 000 0 | Айнек электр изоляторлору |
| 28 | 8546 20 000 0 | Керамикалык электр изоляторлору |
| 29 | 8546 90 100 0 | Желимден башка электр изоляторлору |
| 30 | 8501 53 990 0 | Номиналдуу чыгуу кубаттуулугу 750 кВттан ашык, көп фазалуу өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычтары, башкалар |
| 31 | 8501 64 000 0 | Номиналдык чыгуу кубаттуулугу 750 кВАдан ашык өзгөрүлмө токтун генераторлору (синхрондуу генераторлор) |
| 32 | 8410 90 000 9 | Гидравликалык турбиналар, суу дөңгөлөктөрү үчүн жөнгө салууларды кошкондо, башка бөлүктөр |
| 33 | 8426 11 000 0 | Бекитилген таянычтардагы көпүрө крандары |
| 34 | 8481 80 850 8 | Түтүктөр, казандар, резервуарлар, цистерналар, бактар же окшош сыйымдуулуктар үчүн бурма диск түрүндөгү башка затворлор |
| 35 | 8544 49 910 8 | Башкалар (диаметри 0,51 мм ашык изоляцияланган өткөргүчтөрү менен өткөргүчтөр жана кабелдер) |
| 36 | 7305 31 000 0 | Ширетилген түз тигиштери бар |
| 37 | 8537 20 920 0 | 1000 Вдан ашык, бирок 72,5 кВдан ашпаган чыңалууга |
| 38 | 8537 10 980 0 | Башкалар (пульттар, панелдер, консолдор, столдор, электр аппаратуралары үчүн бөлүштүргүч щиттер жана негиздер, электр тогун, анын ичинде өзүнө 90 топтогу приборлорду же түзүлүштөрдү камтыган башкаруу же бөлүштүрүү үчүн 8535 же 8536 товардык позициядагы эки же андан ашык түзүлүштөр менен жабдылган башкалар жана 8517 товардык позициядагы коммутациялык түзүлүштөрдөн тышкары санариптик башкаруу аппараттары) |

».

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №257***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ СИСТЕМАСЫНЫН СУБЪЕКТТЕРИНИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ ТАРТИБИН ЖАНА КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ АЛУУГА АДАМДЫН УКУГУН ЫРАСТООЧУ ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүн, 18-беренесинин 1-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын субъекттеринин өз ара аракеттенүү тартиби 1-тиркемеге ылайык;

2) Квалификациялуу юридикалык жардам алууга адамдын укугун ырастоочу документтердин тизмеги 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-декабрындагы №594 "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын субъекттеринин өз ара аракеттешүү тартибин жана квалификациялуу юридикалык жардамды алууга адамдын укугун ырастаган документтердин тизмегин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-декабрындагы №587 "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту.

**3.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги:

1) өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 4-майы, №241***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КОМИТЕТ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында жашыл экономика принциптерин илгерилетүү чөйрөсүндө консолидацияланган саясатты иштеп чыгууда мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бизнес-коомдоштуктун, өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын ишин координациялоо жана Кыргыз Республикасында жашыл бизнеске көмөк көрсөтүү боюнча макулдашылган саясатты иштеп чыгуу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы №221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында көрсөтүлгөн жашыл экономиканы өнүктүрүү маселелерин ишке ашыруунун алкагында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү боюнча координациялык комитет (мындан ары - Координациялык комитет) 1-тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

**2.** Координациялык комитет жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Координациялык комитеттин ишин уюштуруучулук жана башка камсыздоо Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине жүктөлсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыялаган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №245***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫ КАТТОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Юридикалык жактарды каттоо (кайра каттоо) чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таануу тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин үчүнчү абзацын аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 3-августундагы №511 "Граждандык абал актыларын жазуучу органдар тарабынан берилүүчү гербдүү күбөлүктөрдүн үлгүлөрүн жана юридикалык жактарды алардын Филиалдары менен өкүлчүлүктөрүн каттоодо (кайра каттоодо) берилүүчү күбөлүктөрдүн үлгүлөрүн бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 "Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоо маселеси жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-августундагы №442 "Катталуучу (кайра катталуучу) юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) аталышын алдын ала текшерүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 6-апрелиндеги №233 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 "Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоо маселеси жөнүндө" токтомуна толуктоо киргизүү тууралуу" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 18-ноябрындагы №781 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 "Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоо маселеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 24-октябрындагы №558 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-январындагы №31 "Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоо маселеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №250***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 21-АПРЕЛИНДЕГИ №230 "ДЕМ БЕРҮҮЧҮ (ҮЛҮШТҮК) ГРАНТТАРДЫН ЭСЕБИНЕН ДОЛБООРЛОРДУ ТАНДОО ЖАНА КАРЖЫЛОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ ЖАНА ДОЛБООРЛОРДУ ДАЯРДОО ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды ишке ашыруу механизмин өркүндөтүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын инфраструктура объекттерин түзүүгө жана реконструкциялоого багытталган чараларды көрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 33-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 "Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жободо:

- 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8. Бир долбоорго республикалык бюджеттен бөлүнүүчү дем берүүчү (үлүштүк) гранттын максималдуу суммасы 5 000 000 (беш миллион) сомдон ашпоого тийиш. Бир долбоорго керектөө 3 000 000 (үч миллион) сомдон ашык болсо, арыз берүүчү долбоордун жалпы суммасынын 50%ынан кем эмес өлчөмдө долбоорду кошо каржылоону камсыз кылат. Бир долбоорго керектөө 3 000 000 (үч миллион) сомго чейин болсо, өздүк салым ушул Жобонун 21-пунктуна ылайык кирешелик камсыз кылуу деңгээлин эсептөө боюнча аныкталат.";

- 24-пункттагы "1-августунан 31-декабрына" деген сөздөр "1-июлунан 30-ноябрына" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $46^1$-пункт менен толукталсын:

"$46^1$. Жактырылган долбоорлор боюнча конкурстарды (тендерлерди) өткөрүүнүн натыйжасында түзүлгөн үнөмдөлгөн каражаттар республика боюнча баалоо рейтингинде эң көп балл алган кошумча долбоорлорго учурдагы жылдын 1-августунан кечиктирилбеген мөөнөттө бөлүштүрүлөт.";

- жогоруда аталган Жобонун 2-тиркемесинде:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"ДОі деңгээли = "(ПДі / Ні) / (ПДгр / Нгр) * 100 (миң сом),";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускамада:

- 10-пункттун экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Инжиниринг кызмат көрсөтүүлөрү боюнча адистин (ИККА) консультациялык кызмат көрсөтүүлөрүнө келишимдин формасы ушул Нускаманын 3-тиркемесинде берилген.";

- 32-пункттагы "ушул Нускаманын 11-тиркемесинде келтирилген форма боюнча" деген сөздөр алып салынсын;

- 33, 34-пункттардагы "ушул Нускаманын 12-тиркемесинде келтирилген форма боюнча", "ушул Нускаманын 11-тиркемесинде келтирилген форма боюнча" деген сөздөр алып салынсын;

- 35-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

- 45-пункттагы "Имараттардын жана курулмалардын коопсуздугу" техникалык регламенти" жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 49-пункттагы "АПШ" деген аббревиатура "АШК (архитектуралык-шаар куруу корутундусу)" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 50-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"50. Долбоорлоого уруксат берүүчү документтер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 "Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык ишке ашырылат.";

- 51-пункттун экинчи, үчүнчү сүйлөмдөрү алып салынсын;

- 52, 58, 110-пункттардагы "Имараттардын жана курулмалардын коопсуздугу" техникалык регламенти" жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына" деген сөздөр "архитектура-курулуш иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 54-пункттагы "Курулуш материалдарынын, буюмдарынын жана конструкцияларынын коопсуздугунун" техникалык регламенти" жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына" деген сөздөр "архитектура-курулуш иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 56-пункттун экинчи, үчүнчү сүйлөмдөрү алып салынсын;

- 57-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

- 63-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"63. Курулуш иштери башталганга чейин долбоорлоого документтерди алууну талап кылуучу объекттердин курулушунун жана башка өзгөртүүлөрүнүн түрлөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 "Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык ишке ашырылат.";

- 66-пункт, §6.16 күчүн жоготту деп таанылсын;

- 103-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"103. Объект боюнча аткаруу документтери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт.";

- 115-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"115. Жаңы же курулушу бүткөрүлгөн объекттерди, мурда бар имаратка кошумча курулуштарды же анын болгон аянттарын кеңейтүү менен реконструкциялоону пайдаланууга кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобонун негизинде экологиялык жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ишке ашырылат.";

- 121-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 123-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 127-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"127. Долбоорду баалоо жумуштарды жүргүзүү графигине жана материалдар менен жумуштардын сметалык наркына ылайык каражаттарды өздөштүрүү индикаторлору боюнча ишке ашырылат.";

- 129-134-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган Нускаманын 2-тиркемесинде:

"АПШ, ИПШ, ТШ(*) тариздөө" деген сөздөр, "АПШ", "ТШ" деген аббревиатуралар тиешелүү түрдө "АШК", "ИПШ", "АТК(*) тариздөө", "АШК", "АТК" деген сөздөргө жана аббревиатураларга алмаштырылсын;

7-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

тиркеменин эскертүүсүндө:

3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Объект боюнча жумуштардын жана материалдардын сметалык наркы.";

8-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган Нускаманын 3-тиркемесинде:

эскертүү күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган Нускаманын 4-7, 11, 12, 15, 18, 27, 28-тиркемелери күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган Нускаманын 21-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №247***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-МАРТЫНДАГЫ №185 "МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО, МААЛЫМАТ ЖАНА СПОРТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттарын оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген 10 жана 11-тиркемелер ушул токтомдун 1 жана 2-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №246***

## РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ДОЛБООРУН ТҮЗҮҮ ЖАНА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТКЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бюджеттик пландоону регламенттөө жана Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө мыйзамдын долбоорун түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 90, 91-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-ноябрындагы №723 "Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 23-мартындагы №110 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-ноябрындагы №723 "Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2023-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №248***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК АЧЫК-АЙКЫНДУУЛУК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бюджеттин ачык-айкындуулугун, ошондой эле бюджеттер жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын жарандык секторунун бюджеттик процесске тартылышын көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126, 127-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети боюнча жарандык бюджетти түзүүнүн методикасы 1-тиркемеге ылайык;

2) Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жарандык бюджетти түзүү методикасы (мындан ары - ЖӨБО методикасы) 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын кезектеги бюджеттик жылга жана пландоо мезгилге республикалык бюджети жөнүндө мыйзамдын долбоору боюнча коомдук угуулары өткөрүү жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөр сунушталсын:

1) ЖӨБО методикасына ылайык жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджетти түзүү;

2) жергиликтүү бюджет боюнча жарандык бюджетти түзүү үчүн бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтында жайгашкан веб-багыттагыч тиркемени колдонуу.

**3.** Жарандык бюджетти түзүү үчүн индикаторлор боюнча маалыматтын өз убагында жана сапаттуу берилишине Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жетекчилеринин жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №249***

## КЕСИПТИК БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА ОКУТУЛУУЧУ КЕСИПТЕРДИН ТИЗМЕСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон жумушчу кадрларды жана адистерди даярдоо чөйрөсүндө натыйжалуу ишти камсыз кылуу максатында, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кесиптик башталгыч билим берүү уюмдарында окутулуучу кесиптердин тизмеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 28-июлундагы №473 "Кесиптик башталгыч билим берүүчү уюмдарда окутулуучу кесиптердин тизмесин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 3-ноябрындагы №520 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 28-июлундагы №473 "Кыргыз Республикасында баштапкы кесиптик билим берүү боюнча жумушчу кесиптердин жана адистиктердин тизмесин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №252***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖАНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлеринин ишинин сапатын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-февралындагы №74 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчыларына эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №263 «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-пунктта:

- 1-пункттчанын алтынчы абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун жана анын аймактык башкармалыктарын күтүүгө каралган үч пайыздын эсебинен төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген, кызматтык же нөөмөттүк автомобиль бекитилип берилбеген кызматкерлерине транспорттук чыгымдар үчүн 2000 сом өлчөмүндө жана тамактануу үчүн 5000 сом өлчөмүндө компенсациялык суммаларды төлөөгө;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бардык категориядагы кызматкерлери үчүн иштин жыйынтыгы боюнча локалдык актыларга ылайык бир айлык эмгек акы фондунан ашпаган өлчөмдө дем берүүчү мүнөздөгү төлөмдөрдү жүргүзүүгө.»;

2) 5-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 5-пункттагы «, басма сөз-катчысы» деген сөздөр алып салынсын;

- 6-пункттагы «3,84» деген цифралар «4,00» деген цифраларга алмаштырылсын;

4) жогоруда аталган токтомдун 2 жана 3-тиркемелери күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №254***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 22-ИЮЛУНДАГЫ №516 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АСЫЛ ТУКУМ ЗАВОДДОРУ ЖАНА ФЕРМАЛАРЫ СТАТУСУН ЫЙГАРУУНУН ЖАНА АЖЫРАТУУНУН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын асыл тукум субъекти статусун ыйгаруу жана ажыратуу тартибин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын мал чарбасындагы асылдандыруу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июлундагы №516 "Кыргыз Республикасында асыл тукум заводдору жана фермалары статусун ыйгаруунун жана ажыратуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында асыл тукум заводдору жана фермалары статусун ыйгаруунун жана ажыратуунун тартибинде:

- 6-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Комиссиянын курамына ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын, ветеринария боюнча мамлекеттик органдардын адистери (каралуучу субъект жайгашкан аймактагы), илимий институттардын окумуштуулары, мал чарбачылыгы чөйрөсүндөгү адистер (тармактык мал чарбачылыгы ассоциацияларынын өкүлдөрү, менчиктин ар кандай формасындагы асыл тукум заводдорунун жетекчилери жана зоотехниктери) - ар бир уюмдан бирден же экиден адис кирет.";

- 7-пунктта:

экинчи абзацтагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Комиссия жыл сайын асыл тукум чарба статусуна ээ субъекттерге мониторинг жүргүзөт, анын жыйынтыгы боюнча алардын асыл тукум статусуна шайкеш келишине карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга корутунду киргизет.";

- 8-пункттагы, 12-пункттун биринчи абзацындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Мониторингдин жыйынтыгы боюнча асыл тукум субъекттеринин алардын статусуна ылайык келбегендиги аныкталган учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна статусунан ажыратуу жөнүндө тиешелүү чечимдин долбоорун киргизет.";

- жогоруда аталган Тартиптин 1-тиркемесинде:

"Артыкчылыктуу породалар, породалык топтор" графасынын сегизинчи сабы "эдилбай" деген сөздөн кийин арашан" деген сөздөр менен толуктальсын;

- жогоруда аталган Тартиптин 3-тиркемесинде:

- "эдилбай" деген сөздөн кийин арашан" деген сөздөр менен толуктальсын;

"асыл тукум заводдорунда" графасында:

"Жалпы башы" сабындагы "1000" деген цифралар "500" деген цифраларга алмаштырылсын;

"а.и. тубар кой" сабындагы "700" деген цифралар "350" деген цифраларга алмаштырылсын;

"Кочкорлор" саптарындагы "30" деген цифралар "15" деген цифраларга алмаштырылсын;

- жогоруда аталган Тартиптин 4-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №255***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО





## Чүй башкы суу чарба башкармалыгынын башчысы Эрлан ӨМҮРАЛИЕВ:

# “БЫЙЫЛ ДА ТҮШ МОЛ БОЛОТ”

**- Эрлан Картаңбаевич, былтыркы жылдан бери карай суу чарба тармактарын каржылоо жакшыра баштады. Быйылкы абалыңыздар кандай?**

- Быйыл да каржы жагынан колдоолор оң жагына чечилүүдө. Учурда бардык пландалган иштер илгерилеп жатат. Облус боюнча жалпы каналдардын узундугу 5263 чакырым, анын ичинен 1581 чакырымы чарба аралык каналдар. Чарба аралык тармактарда 2034 даана гидротехникалык курулма жана 1120 суу өлчөөчү тозоттор, 54 даана суу сактагыч (БСР, БДР жалпы сыйымдуулугу 210 млн м$^3$) жайгашкан. Нечен жылдан бери сугат тармагында опол тоодой кызмат кылган ири магистралдык каналдар бар. Алар Чыгыш Чоң Чүй, Батыш Чоң Чүй, Түштүк Чоң Чүй, Совхозный, Атбашы каналдары.

Облусубуз боюнча алганда сугат жер аянты 320,879 миң гектар. Мына ушул даркан талааларды сугарууга жетиштүү суу бөлүү башкы милдеттерибиз болуп саналат. Аталган жалпы аянттын ичинен 272,743 миң гектары чарба аралык тармактардын, ал эми 48,136 миң гектары ички чарба аралык тармактардын сугат суусу менен сугарылат. Тактап айтсак: Жайыл районунда 42,468 миң гектар, Панфилов районунда 28,499 миң гектар, Кемин районунда 27,158 миң гектар, Москва районунда 42,444 миң гектар, Чүй районунда 32,881 миң гектар, Сокулук районунда 54,618 миң гектар, Аламүдүн районунда 37,515 миң гектар, Ысык-Ата районунда 55,296 миң гектар сугат аянттары бар.

Мамлекеттик бюджеттин эсебинен капиталдык оңдоо иштерине мерчемделген каражаттарга токтолсок: Панфилов райондук суу чарба башкармалыгына 39892,5 сом, Кемин райондук суу чарба башкармалыгына 18405,4 сом, Чүй райондук суу чарба башкармалыгына 316596,8 сом, Жайыл райондук суу чарба башкармалыгына 27861 сом, Ысык-Ата райондук суу чарба башкармалыгына 19203,3 сом, Москва райондук суу чарба башкармалыгына 12498,7 сом, Сокулук райондук суу чарба башкармалыгына 29450,5 сом, Аламүдүн райондук суу чарба башкармалыгына 11983,8 сом каралган. Каралган каржыларды максаттуу пайдалануу акыбетин бермекчи.





Сокулук районунда Токбай каналында ЛР-60 лотоктору

Каржы жок деген жооп мындан ары жарашпайт.

**- Сугат иштеринде ным топтоо орчундуу ролду ойнойт. Мына ушул багытта баарлашсак...**

- Бекеринен элибиз кар жааганда асмандан нан жаагандай кубанышкан эмес. Ошондой эле жазгы жамгырдын өз маалында жаап беришин тилешкен. Жердин нымдуулугун сактоодо кар менен жамгырдын пайдасы зор. Бирок, табияттын тартууларына эле карап олтура берүү туура эмес. “Жети күнкү жаандан желип өткөн суу жакшы” деп баба дыйкандарыбыз таасын айткан. Андыктан аракетти сугатка жумшасак, нымдуулукка болгон муктаждык жумшарат. Ным топтоо сугат иштерине бардык райондор терең маани беришти. Мисалы, апрель айынын этегине чейин суу булактарынан секундасына 13,438 куб. метр, чарба аралык сугат системаларынан секундасына 7,352 куб. метр, ички чарбалык сугат системаларынан секундасына 6,086 куб. метр суу менен камсыз болушкан.

**- Суу сактагычтарыбыздын толтурулушу сугатка болгон тартыштыктын алдын алат. Учурда абал кандай?**

- Суу сактагычтардын толтурулушу боюнча жакшы натыйжаларга жетиштик. Анткени, былтыртан берки каржылоонун жогорулаганы суу сактагычтардын абалын жакшыртууга, оңдоо, тазалоо иштеринде айтарлык түрткүсүн берди. Сөзүбүз кургак болбосун көрсөткүчтөрүнө көңүл буралык. 2022-жылы апрель айынын аягында Орто-Токой суу сактагычына 423,99 млн м$^3$ суу топтолсо, быйыл ушул маалда 465,37 млн м$^3$ суу топтолуп, былтыркы жылдын ушул маалына салыштырмалуу көп топтолуп 99%га аткарылды. Төмөнкү Ала-Арча Наливной суу сактагычында былтыр ушул

**ЧҮЙ БАШКЫ СУУ ЧАРБА БАШКАРМАЛЫГЫ БОЮНЧА 2023-ЖЫЛДЫН БАРДЫК ЭКСПЛУАТАЦИЯЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫ**

| | План миң сом | Факт миң сом | % |
|---|---|---|---|
| ❑ Эксплуатациялык чыгымдар: | 230594,6 | 103687,2 | 45% |
| ❑ Операциондук чыгымдар: | 199703,8 | 81063,5 | 41% |
| ❑ Көлөмдүк жумуштар: | 36212,5 | 23524,5 | 65% |
| Анын ичинен: | | | |
| ❑ Утурумдук оңдоолор: | 5321,7 | 900,8 | 17% |
| ❑ Капиталдык оңдоолор: | 30890,8 | 22623,7 | 73% |





Кемин районунда Калмак-Суу каналында "Г" түрүндөгү блокторду монтаждоо иштери илгерилөөдө

# ҮМ






Ысык-Ата районундагы Р-2-1 каналында бетон иштери жасалууда




...ун ЛР-80 алмаштыруу иштери жасалууда




Аламүдүн районунда Р-1-1 каналында бетон иштери кызуу жүрүүдө




маалда 51,18 млн м³ суу топтолуп 100%га аткарылса, быйыл да былтыркыдай 100%ды камсыз кылышты. Төмөнкү Ала-Арча Русловой суу сактагычына былтыр 72,35 млн м³ суу топтолуп 99%ды түзсө, быйыл 73,94 млн м³ суу топтолуп 99%га аткарылды. Сокулук суу сактагычында да суу топтоо былтыркыдай эле көрсөткүчкө жетти. Былтыр 100%га аткарылса, быйыл 99%га аткарылды. Спартак суу сактагычында былтыркы деңгээлде 15,2 млн м³ суу топтолду. Майда суу сактагычтарда да суу топтоо жогору болду. Жалпы алганда былтыр ушул маалда 614,4 млн м³ суу топтолсо, быйыл 661,24 млн м³ суу топтолуп, 97%га аткарылды.

**- Келишимдик суу берүү мерчемдеринен айтып бериңиз. Аракеттериңиздер акыбеттерин берүүдөбү?**

- Албетте, 2002-жылдан берки аткарылган иштерди салыштырып чыктык. Натыйжа жакшы. 2022-жылга салыштырмалуу 2023-жылы келишимдик суу берүү мерчеми 12%га, ал эми 2021-жылга салыштырсак 43%га жогорулады. Айталык, 2002-жылы ушул маалда 1060,0 млн м³ суу берилсе, быйыл ушул маалда 1452,1 млн м³ суу берилген. Акыркы эки жылдан бери аталган багытта да барандуу иштер илгерилеп келди. Айталык, жалпы райондор боюнча 2002-2022 -жылдар аралыгындагы келишимдик суу берүү көлөмдөрүн салыштырсак, 2021-жылга салыштырмалуу 2023-жылы ушул маалда келишимдик суу берүүнүн көлөмү 22%га жогорулаган. Быйыл ушул маалда 1234,8 млн м³ суу берилген.

**- Чарбалар аралык сугат түйүндөрүн даярдоо иштери ийине жеттиби?**

- 128,9 чакырым каналдарды оңдоо, 48,1 чакырым механикалык тазалоо, 381 даана гидротехникалык курулмаларды оңдоо, 550 даана суу ченөөчү чектерди, 1 даана насостук станцияларды оңдоо да 100%га аткарылды.

Сугат тармактарындагы кийинки эки жылдагы ийгиликтерибиз чынында ич жылытат. Сөздүн туурасын айтканда каржы тартыштыгынын айынан оңдоо, куруу иштери илгерилебей келген. Жана айтканымдай оңдоо, куруу иштеринин 100%га аткарылып жатышы каржыга байланыштуу. Былтыркы жылдын түшүмдүүлүгүн арттырууда сугат иштеринин уюшкандыкта жүрүшү башкы ролду ойноду. Быйыл да баба дыйкандарыбыздын кырманы кызылга толоруна, тоодой түшүмдөр болоруна ишенимибиз күч.

**Айчүрөк МАКЕШОВА**




Батыш Чоң Чүй каналында бетон иштери бекемделди





Батыш Чоң Чүй каналындагы гидротехникалык курулмаларды оңдоп-түзөө иштеринен ирмемдер

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

### К.Б.ЖАНУЗАКОВА ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН

## ТЕСКЕМЕСИ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 2-бөлүгүнүн 19-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары **ЖАНУЗАКОВА Кыял Байышевна** башка ишке өткөндүгүнө байланыштуу ээлеген кызматынан бошотулсун.

**Негиз:**
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Н.К.Дардановдун сунушу;
- К.Б.Жанузакованын арызы.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №232***

### А.БОЛБУР УУЛУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН

## ТЕСКЕМЕСИ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесине ылайык **БОЛБУР уулу Алтынбек** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акимдин орун басары болуп дайындалсын.

**Негиз:** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы - аким К.С.Апбасовдун сунушу.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 17-майы, №234***

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТЕСКЕМЕСИ

Кытай Эл Республикасынын Өнүктүрүү жана реформалар боюнча мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин, Өзбекстан Республикасынын Транспорт министрлигинин ортосундагы Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан (Кыргызстандын аймагындагы участок) темир жолун куруу долбоору боюнча ТЭНди үч тараптуу биргелешкен баалоо жөнүндө жалпы түшүнүккө жетишүү тууралуу өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдун расмий тилде тиркелген долбооруна принциптүү эмес мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн эске алуу менен макулдук берилсин.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №235-т***

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТЕСКЕМЕСИ

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Авиациялык издөө жана куткаруу жаатындагы кызматташтык жөнүндө макулдашуунун тиркелген долбоору жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрине жогоруда аталган Макулдашууга принциптүү эмес мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан кол коюуга ыйгарым укук берилсин.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №236-т***

### Т.Б.ИБРАИМОВ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН

## ТЕСКЕМЕСИ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 2-бөлүгүнүн 20-пунктуна ылайык **ИБРАИМОВ Таалайбек Бадалович** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акимдин биринчи орун басары болуп дайындалсын.

**Негиз:** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы - аким У.И.Жоробаевдин сунушу.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 17-майы, №237***

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 9-АПРЕЛИНДЕГИ №181 "ЭҢ МЫКТЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ" НААМЫНА ЖАЛПЫ МАМЛЕКЕТТИК СЫНАК ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын айыл өкмөттөрүнүн ишине дем берүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-апрелиндеги №181 "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынак өткөрүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттагы "6,0 (алты)" деген сөздөр "12,0 (он эки)" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынак өткөрүү тартиби жөнүндө жободо:

- 18-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"18. Сынактын жыйынтыктарын чыгарууда ушул Жобонун 9.1-пунктунда аталган ар бир топтон эң мыкты айыл өкмөттөрү аныкталат.

Сынактын байге фонду төмөнкүдөй түрдө бөлүштүрүлөт:

1-топ: 1-орун үчүн - 3,0 млн сом; 2-орун үчүн - 2,0 млн сом; 3-орун үчүн - 1,0 млн сом;

2-топ: 1-орун үчүн - 3,0 млн сом; 2-орун үчүн - 2,0 млн сом; 3-орун үчүн - 1,0 млн сом.";

- жогоруда аталган Жобонун 2-тиркемесинде:

1.6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | Критерийдин аталышы | Индикаторлор | Баллдар | | | | | Баа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Социалдык кызмат көрсөтүүлөр | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 1.6 | Маданий, эс алуу жана спорттук иш-чаралар чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу, элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү | Маданий объекттердин болушу, абалы жана элдик көркөм чыгармачылык ийримдеринин, секцияларынын иштөө даражасы | Маданий объекттер, элдик көркөм чыгармачылык ийримдери, секциялар жок | Маданий объекттер, элдик көркөм чыгармачылык ийримдери, секциялар иштебейт | Маданий объекттер жарым-жартылай иштейт, имараттар жана курулмалардын абалы канааттандырарлык эмес | Маданий объекттер жетиштүү деңгээлде иштейт, имараттар жана курулмалар канааттандырарлык абалда | Маданий объекттер толук иштейт, кызыкчылыктар боюнча ийримдер бар, имараттар талаптагыдай күтүлөт | |

";

төмөнкүдөй мазмундагы 1.9, 1.10-пунктчалар менен толукталсын:

"

| | Критерийлердин аталышы | Индикаторлор | Баллдар | | | | | Баа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Социалдык кызмат көрсөтүүлөр | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 1.9 | Жалпы пайдалануудагы жерлерди жарыктандыруу менен камсыз кылуу | Жалпы пайдалануудагы жерлерди жарыктандыруу менен камтуу | 10%га чейин | 20%га чейин | 50%га чейин | 70%га чейин | 70%дан жогору | |
| 1.10 | Муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу | Муниципалдык жолдордун абалы | Муниципалдык жолдордун абалы канааттандырарлык эмес | Жолдордун абалы канааттандырарлык эмес, оңдоо иштери жүргүзүлбөйт (20%га чейин) | Жолдордун абалы канааттандырарлык, оңдоо иштери аткаруу баскычында (50%га чейин) | Муниципалдык жолдор иштейт, оңдоо иштери аткарылды (70%га чейин) | Муниципалдык жолдор иштейт, муниципалдык жолдордун абалы талаптагыдай абалда (70%дан жогору) | |

";

4.2-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | Критерийлердин аталышы | Индикаторлор | Баллдар | | | | | Баа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Чечимдерди кабыл алуу процессине жарандардын катышуусу үчүн шарттарды түзүү | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 4.2 | ЖӨБО карамагында турган маалыматты алууну камсыздоо деңгээли | ЖӨБО иши жөнүндө калктын маалымдуулугунун деңгээли | Маалыматтык стенддер жок | Маалыматтык стенддер бар, бирок маалымат жок | Маалыматтык стенддер бар, маалыматтар жаңыланбайт | Маалыматтык стенддер бар, бирок маалыматтар актуалдуу эмес | Маалыматтык стенддер талаптагыдай абалда, маалыматтар жаңыланып турат | |

";

төмөнкүдөй мазмундагы 4.4, 4.5-пунктчалар менен толукталсын:

"

| | Критерийлердин аталышы | Индикаторлор | Баллдар | | | | | Баа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Чечимдерди кабыл алуу процессине жарандардын катышуусу үчүн шарттарды түзүү | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 4.4 | "Санарип аймак" АМС | Интеграциялоо, толуктоо жана актуалдаштыруу даражасы | 10%га чейин | 20%га чейин | 50%га чейин | 70%га чейин | 100%га чейин | |
| 4.5 | "е- Kyzmat" АМС | Маалыматтардын толуктугун жана аныктыгын камсыз кылуу | 10%га чейин | 20%га чейин | 50%га чейин | 70%га чейин | 100%га чейин | |

".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №258***

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №240 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТТЫК ЖАНА НӨӨМӨТТҮК АВТОТРАНСПОРТУН ПАЙДАЛАНУУНУ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын ишин оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:

эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы тогузунчу абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын борбордук аппаратында нөөмөттүк автотранспорттун 7 бирдигине чейин уруксат берилет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-майы, №259***

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №264 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

3-пункттагы "233", "550" деген цифралар тиешелүү түрдө "239", "544" деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 15-майы, №251***

# ЭЛ АРАЛЫК ДАРАЖАЛУУ СЫЙЛЫК – АЛПАСЛАН ЖЕЙЛАНГА



Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан Түрк дүйнөсүнө кылган кызматы жана жигердүү салымы менен бирге окуу жайдын ар тарабтуу өнүгүшүнө кошкон мыкты көрсөткүчтөрү үчүн ТҮРКСОЙ эл аралык уюмунун жогорку даражадагы алтын медалы менен сыйланды.

ТҮРКСОЙ уюмунун башкы катчысы Султан Раев сыйлыкты тапшырууда «Манас» университети түрк дүйнөсүнүн жаштарын бир түндүктүн алдына чогулткан окуу жайы экендигин, университет түптөлгөндөн бери кыргыз, түрк элдеринин ортосунда ар тармактуу иштер жүргүзүлүп келерин баса белгиледи.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ММК жана коомчулук менен байланышуу бөлүмүнүн адиси Айзат Таласбаеванын билдирүүсү боюнча профессор Алпаслан Жейланга аталган сыйлык 19-майда Ататүрктү эскерүү, жаштар жана спорт майрамында тапшырылды.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

***В связи с утерей разрешительных документов (бланков на въезды в страны) от ОсОО «БНБ Компани» считать недействительным.***

| № | Страна назначения и вид бланка | Номер бланка |
|---|---|---|
| 1 | Узбекистан 3-х стран | 645075 |
| 2 | Грузия двусторонние и транзитные | 817694 |
| 3 | Россия 3-х стран | 1166356 |
| 4 | Россия 3-х стран | 1166154 |
| 5 | Россия 3-х стран | 1166358 |
| 6 | Германия двусторонние и транзитные | 1500009 |
| 7 | Узбекистан 3-х стран | 654447 |
| 8 | Узбекистан 3-х стран | 654592 |
| 9 | Турция 3-х стран | 528997 |
| 10 | Польша 3-х стран | 6630538 |
| 11 | Латвия Универсал | 439214 |
| 12 | Польша 3-х стран | 6630614 |

Н-040

**ИЗВЕЩЕНИЕ**

**Специальный администратор ОсОО «Автотрансстрой» - банкрот**

**созывает очередное 4-е собрание кредиторов который состоится в 11.00 часов 5 июня 2023 года по адресу: г. Бишкек, ул. Л.Толстого №100.**

Претензии кредиторов принимаются ежедневно **с 9.00 часов до 17.00 часов** по вышеуказанному адресу. Представителям кредиторов для участия на собрании необходимо иметь при себе надлежащим образом оформленную доверенность с правом голосования.

**Справки по тел.: (0558) 11-00-83.**

Н-042

**Запрос на выражение заинтересованности (Консультационные услуги – Отбор компаний)**

**Отбор консультационной компании на Проведение информационной кампании, социальной мобилизации и диагностики в целях построения цепочек добавленной стоимости и создания продуктивных партнерств в Баткенской области и их дальнейшего развития.**

Подробное техническое задание можно будет получить после регистрации на официальном сайте АРИС: **www.aris.kg**

Выражение заинтересованности должно быть доставлено в письменной форме по указанному ниже адресу (лично, по почте, по факсу или по электронной почте) до **18.00 часов (местное время) 23 июня 2023 года.**

Минимальные требования, предъявляемые к компаниям, можете узнать на официальном сайте АРИС.

Агентство Развития и Инвестирования Сообществ Кыргызской Республики (АРИС)
**Кабинет 11, Отдел закупок**
**720040, ул. Боконбаева, 102**
**г. Бишкек, Кыргызская Республика**
**Tel: +996 (312) 62-07-52, + 996 (312) 30-18-05 (доб. 116)**
**Tel: +996 (312) 62-07-52**
**Fax: +996 (312) 62-47-48**
**E-mail: zakupki@aris.kg**
**Web site: www.aris.kg**

С/О-550

**Запрос на выражение заинтересованности (Консультационные услуги – Отбор компаний)**

- Страна: **Кыргызская Республика**
- Проект: **Второй Проект «Региональное Экономическое Развитие" (ПРЭР-2).**
- Задание: **«Консультационные услуги на разработку пакета технического проекта и ведение авторского надзора за объектами системы водоснабжения городов Баткен и Кадамжай»**
- Ссылка № (согласно Плану закупок): **ARIS-IDA-RED2-CS-CQS-7**

Правительство Кыргызской Республики в лице Министерства финансов Кыргызской Республики получило финансирование от Всемирного банка на реализацию Второго Проекта Регионального Экономического Развития и намерено использовать часть средств на консультационные услуги.

Агентство развития и инвестирования сообществ (АРИС) является агентством, реализующим данный Проект. Агентство настоящим приглашает правомочные консультационные компании ("Консультантов") для выражения заинтересованности в предоставлении данного вида услуг. Заинтересованные Консультанты должны представить информацию, демонстрирующую наличие требуемой квалификации и соответствующего опыта для предоставления данных Услуг.

**Техническое задание для данного задания будет доступно для скачивания после регистрации на сайте АРИС и подачи заявки на участие.**

**МИНИМАЛЬНЫЕ КРИТЕРИИ ОТБОРА:**

Для участия в отборе, консультант должен соответствовать следующим минимальным требованиям:

a. Как минимум 5 лет общего опыта в проектировании системы водоснабжения и водоотведения;
b. Минимум 2 завершенного проекта по подготовке ПСД на систему водоснабжения и водоотведения;
c. Опыт ведения авторского надзора как минимум в 2 завершенных проектах.

Консультанты могут сотрудничать с другими компаниями в форме совместного предприятия или субподряда в целях улучшения своей квалификации. Все члены совместного предприятия должны совместно и обязательно нести ответственность за выполнение этого задания. Однако опыт суб-подрядчика не будет учитываться при внесении компании в окончательный список кандидатов.

Консультант будет отобран в рамках метода CQS - Отбор по квалификации консультантов.

Чтобы подать заявку, пожалуйста зарегистрируйтесь. Если вы зарегистрированы, зайдите в свой личный кабинет.

Более подробная информация может быть представлена по адресу, указанному ниже в течение рабочих часов (9:00-18:00) с понедельника по пятницу.

Выражения заинтересованности могут быть представлены в письменном виде по адресу, указанному ниже (лично, посредством электронного сообщения, по факсу, по почте) до **18.00 часов 7 июня 2023 г.**

Агентство Развития и Инвестирования Сообществ Кыргызской Республики (АРИС)
**11 кабинет, Отдел Закупок;**
**ул.Боконбаева, 102, г.Бишкек, Кыргызская Республика, 720040;**
**Тел.: +996 (312) 30-18-05 (доб. 116)**
**Факс: +996 (312) 62-47-48**
**Эл. почта: Zakupki@aris.kg; NTalantbekov@aris.kg.**
**По всем жалобам относительно данного тендерного процесса просим обращаться:**
**WhatsApp: + 996 (770) 70-05-22**
**Моб.: + 996 (550) 70-05-22**
**e-mail: bfm@aris.kg**

С/О-550

**ОҢДОЛУП ОКУЛСУН**

*"Эркин-Тоо" гезитинин **2023-жылдын 19-майындагы №40 (3489) санынын 28-бетинде** жарыяланган К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун профессордук-окутуучулук курамдын бош орундарын ээлөө үчүн конкурска жарыяланган **«Маалыматтык системалар жана технологиялар»** кафедрасы деген сап **«Математика жана информатика, окутуунун технологиялары»** кафедрасы деп окулушун суранабыз.*

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №1153 иден. код: 7-07-07-0017-0160, 7-07-07-0024-0081 рег. №150 (от 14.06.1995 г. дата выд. 27.06.2008 г.) выданное Панфиловским районным управлением по землеустройству и регистрации прав на недвижимое имущество на имя Балыбаева Афтандила Муктаровича считать недействительным.***

П/П-162

***В связи с утерей диплома СТ-I №356503 на имя Турдуманбетовой Назгул Оболбековны считать недействительным.***

Н-041

***Камбаралиев Муратбек Орунбекович тиешелүү мам. актысы Ч №807136 (13.09.2018-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-037

***Сапарбеков Анарбек жана анын үй-бүлөсүнө тиешелүү серия ТКЧ №490 (24.11.2005-ж.б.) жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П-029

***В связи с утерей свидетельства о праве собственности на земельную долю серия ЧА №0007939 (от 19.09.2008 г.) на имя Ибраимова Осмонакуна считать недействительным.***

Н-043

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Кармышаков Михидин Салохидинович код ОКПО 22140948, ИНН 20305197850014 считать недействительным.***

Н-039

***Өзгөн районунун Мырза-Аке айылынын Кыдыршаев көчөсүнүн №15 үйүнүн тургуну Туркменов Узакбайга таандык үйдүн тех. паспорту 5-06-15-1001-1006 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П-563

# Открытое акционерное общество «НАЦИОНАЛЬНАЯ ЭНЕРГЕТИЧЕСКАЯ ХОЛДИНГОВАЯ КОМПАНИЯ»

Отчет за 2022 год

1. **Данные об эмитенте:**
- полное и сокращенное наименование эмитента: **Открытое акционерное общество «Национальная энергетическая холдинговая компания», Национальный энергохолдинг;**
- организационно-правовая форма: **Частная;**
- юридический и почтовый адрес эмитента, номер телефона и телефакса: **Кыргызская Республика, 720055, г. Бишкек, пр-т. Жибек Жолу, 326, (0312) 56-18-22, (0312) 56-08-99;**
- основной вид деятельности эмитента:
- деятельность холдинг компаний;
- деятельность центральных (головных) офисов;
- консультирование по вопросам коммерческой деятельности и управления.

2. Количество владельцев ценных бумаг и работников эмитента:
Количество владельцев ценных бумаг – **1**;
